**«ЫЙМАН, АДЕП ЖАНА МАДАНИЯТ» ЖЫЛЫНА КАРАТА С.НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ УЮШТУРГАН «ИЛИМ-БИЛИМДИН ӨНҮГҮҮСҮНДӨ АДЕП-ЫЙМАНДЫК ЖАНА МАДАНИЙ БААЛУУЛУКТАР» АТТУУ ЭЛ АРАЛЫК ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯНЫН МАТЕРИАЛДАРЫ**

## ПЕДАГОГИКАЛЫК-ПСИХОЛОГИЯЛЫК ИЛИМДЕР

# ЭВРИСТИКАЛЫК МЕТОД ЖАНА ОКУТУУНУН ЗАМАНБАП КАРАЖАТТАРЫН АДАБИЯТ САБАГЫНДА ПАЙДАЛАНУУ

**Аман к. Б., Чоробаева Н.,**
*Аман кызы Бакытгүл - п.и.к., доцент, С.Нааматов атындагы НМУ, Нарын ш.,*
*Чоробаева Н.А. ф.и.к., проф.м.а., С.Нааматов атындагы НМУ, Нарын ш.*

***Аннотация*** *Макалада адабиятты окутууга байланыштуу заманбап технологияларды пайдалануу жолдору каралган*

***Түйүндүү сөздөр:*** *окутуу, искусство, закон ченемдүүлүк, чыгармачылык, ыкма, көркөм туунду.*

***Аннотация*** *В данной статье рассматриваются пути и связи использования современных технологий в преподавании литературы.*

***Ключевые слова:*** *преподавание, искусство, закономерность, творчество, метод, художественное основа*

Адабиятты окутуунун методикасы илим катары эки жүз жылдан ашуун убакыттан бери жашап келет. Ошондой болсо дагы бүгүнкү күндө анын мазмунуна жана айрым маселелерине байланышкан ойлорго чекит коюлбай келет. Бир катар педагог окумуштуулардын пикирине таянсак, адабиятты окутуунун методикасы сыяктуу эле башка предметтерди окутуунун методикасы илим гана эмес ал өзүнчө искусство экендигин белгилеп келишет. Окутуунун ийгили – мугалимдин предметти мыкты билүүсү менен катар педагогикалык чеберчилиги окутуунун сапатын жогорку деңгээлде камсыздоого жеткирмекчи.

Адабият таануу көркөм адабияттын өнүгүү закон ченемдүүлүктөрүн изилдейт. Дидактика илими – окутуунун жалпы закон ченемдүүлүктөрүн, ал эми психология болсо – адамдын психикалык ишмердүүлүгүнүн закон ченемдүүлүктөрүн изилдеген илим. Методика бул илимдер менен түздөн-түз байланышта болуп, спецификалык маселелерди чечет.

Адабиятты окутуу методикасы илиминин акыркы жылдардагы өнүгүшү көркөм сөз өнөрүн мектепте предмет катары өздөштүрүүнүн негизги төрт методун алдыга жылдырып турат. Алар төмөнкүлөр:

1. Чыгармачылык окуу методу
2. Эвристикалык метод
3. Изилдөө методу
4. Репродуктивдүү метод

Белгилүү болгондой чыгармачылык окуу методу көбүнчөсү адабияттык окууда, тактап айтканда, V-VII класста пайдалануу менен, жаңы материалды өздөштүрүү методу катары кызмат кылат. Мында текстти көркөм комментарийлеп окууга көңүл бурулуу менен, ага удаа жүргүзүлүүчү суроо-тапшырмалар тизмегин өзүнө камтыйт.

Ушунда бизди кызыктырган эвристикалык же жарым-жартылай изилдөөчүлүк методуна токтолсок. Окуучулардын таанып билүү ишмердүүлүгүнүн бул кийинки –адабияттык окуу тепкичи өздөштүрүлүүчү материалдын айрым кеңейип өзгөрүүсү жана буга байланыштуу окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнүн жаңылануусу менен шартталат. Бул тепкичте негизги өздөштүрүлүүчү материал болуп көркөм чыгармадагы текст өзү эсептелинет. Бирок аны тереңдетип өздөштүрүү адабият жөнүндөгү илимдин элементтерин – адабияттын тарыхы жана теориясын үйрөнүү менен түздөн-түз байланышмакчы.

Таанып–билүүнүн бул тепкичинде окуучулардын алгачкы эмоционалдык кабыл алуусу тереңдетилет, интеллектуалдык чымыркануулары калыптанат. Адатта чыгарманы өздөштүрүү, аны талдоо жазуучу тарабынан көркөмдүк, нравалык, коомдук жана философиялык проблемалардын чечмелениши менен тыгыз байланыштуу. Мындагы мугалимдин милдети –окуучулардын бул проблемаларды байкап, алып чыгуусуна, көркөм тексттен алардын чечмелениш жолдорун табуу-

суна жардам берүү болуп эсептелет. Көркөм туундуну талдоого, компоненттердин көп түрдүүлүгүнүн биримдигин түшүнүүлөрүнө жетишип, талдап талкуулай билүүгө, өз ой толгоолорун, корутунду пикирлеринин ырааттуу, далилдүү оозеки жана жазуу түрүндөгү аткарууга үйрөтүү. Мына ушулардын баарын эвристикалык (жарым-жартылай изилдөөчүлүк) метод өз ичине камтыйт.

Ал эми мындай метод көбүнчө эвристикалык аңгемелешүүдө жүзөгө ашат. Анткен менен, качан окуучулар керектүү көндүмдөргө ээ болгондон кийин аңгемелешүү алардын өз алдынча иштөөсү (мугалимдин берген тапшырмалары же суроолору боюнча) менен алмаштырылышы мүмкүн. Кыскасы, эвристикалык метод окуучулардын адабий чыгарманы анализдөөнүн жолдорун өздөштүрүүлөрүнө өбөлгө түзөт. Ар бир нерсеге сын көз менен карап ойлоосун өнүктүрөт жана көркөм чыгармаларды, адабий сын макалаларды анализдеп, талдоо мүмкүнчүлүктөрүн андан ары өстүрөт. Бул окутуу ыкмасы менен иш алып барууда ишмердүүлүктүн төмөндөгүдөй түрлөрү эске алынат:

- мугалим тарабынан берилген суроого, темага, проблема өтүлүп жаткан көркөм чыгармадан, сын макаладан, окуу китебинен жана башка атайын окуулуктардан материал топтоо;
- текстти талдоонун элементтери менен кайра айтып берүү;
- мугалимдин койгон суроолору, тапшырмалары боюнча эпизодду, сценаны, чыгарманы (анча чоң эмес) бүт талдоо;
- план түзүү – бүтүн бир чыгарманын, бөлүмдүн композициясын талдоонун ыгы катары;
- кейипкердин образын талдоо;
- чыгармадагы каармандарды, эпизоддорду, пейзаждык көрүнүштөрдү, стилдик бөтөнчөлүктөрдү өз ара салыштырып талдоо;
- кеңири жоопко, докладга, дил баянга план түзүү;
- чыгарманы талдоонун, ар түрдүү жанрдагы чыгармаларды салыштырып талдоонун жыйынтыктарын конспект түрүндө берүү;
- жеке эле сын, адабий булактардан эмес, икусствонун башка түрлөрүнүн да материалдарын пайдаланып, проблеманы көтөрүп чыгуу жана аны талдоо;
- диспутта чыгып сүйлөө;
- жекече жана жалпылоочу темаларда дил баян жазуу [1, 69-70-б]

Жалпылап айта турган болсок, эвристикалык методду пайдалануу сабагында сөздүн толук маанисинде жаңы тема өтүлбөйт. Мында болсо кайсы бир сүрөткер же анын чыгармасы боюнча андан ары тереңдетип өздөштүрүү, талдоо, бышыктоо иш-чаралары алып барылат. Бул метод класстардын ылайыгына жараша ортоңку же жогорку экенине жана окуучулардын материалды өздөштүрүү мүмкүнчүлүктөрүнө жараша V класстан тарта мектепти бүткөнгө чейин пайдаланылып турат. Мисал катарында эвристикалык методдун Т. Касымбековдун «Келкел» романынан алынган «Даргага асуу» эпизод бөлүмчөнү VI класста өтүү үчүн 2 саат бөлүнгөн. Программада бул максатта төмөндөгүдөй суроо-тапшырмалар [2, 18-19-б] берилген:

«*Т. Касымбеков «Даргага асуу» («Келкел» романынан үзүндү) (2 саат). Романдын үзүндүсүнүн тарыхый негизи жана элдик улама кептер менен органикалык байланышы. Адамдын трагедиясы жана ага алып келген себеп-шарттар. Курманжан датканын мүнөзү. Энелик кудурет жана тагдыр драмасындагы ички, тышкы таймашуусу. Образды ачуудагы жазуучунун чеберчилиги. Чыгарманын тилинде улуттук колориттин, тарыхый мезгилдин, жергиликтүү аймактын өзгөчөлүктөрүнүн берилиши. Адабият теориясынан. Тарыхый сөздөр (историзмдер) архаизмдер жана диалектизмдер»*[3,12-21].

Көрүнүп тургандай, бул иштелме мугалимдин ишине жалпы негиздеги багыт гана болуп кызмат кылат да, сабактын үлгүсү, методикалык колдонмо катары кызмат кыла албайт. Материалды өздөштүрүүгө 2 гана саат бөлүнгөндүктөн 1-сабак тексти комментарийлеп окуу жумуштарына, ал эми 2-сабак андагы материалдарды эвристикалык методдун жардамы менен өздөштүрүүгө жумшалат. Биринчи кезекте тексти талдоонун элементтери менен кайра айтып берүү иш-чарасы жүзөгө ашырылат. Өздөштүрүлгөн үзүндү-тексттеги көркөм сөз каражаттарынын, сүрөттөөлөрдүн колдонулушу, көркөм чеберчилик маселеси, берилген үзүндүдө кандай ой айтылганы жана бизди кызыктырган кейипкер кандай өзгөчөлүгү менен көрүнө алды деген сыяктуу иштер жүзөгө ашырылат.

Окутууда эвристикалык методдун андан кийинки талабы катары – мугалимдин койгон суроолору тапшырмалары боюнча эпизодду, чыгарманы талдоо болуп эсептелмекчи.

Өтүлүп жаткан тигил же бул чыгарманын чакан эпизодун эвристикалык методдун жардамы менен өздөштүрүүдө мугалим окуу китебиндеги камтылган суроо-тапшырмаларды пайдаланат. Ал суроо–тапшырмалар окуу китебинде төмөндөгүдөй болуп түзүлгөн:

**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн суроолор:**

1. Повало-Шыйковский Камчыбекти эмне үчүн чакыртты?
2. Болгон окуяны Камчыбекке ким айтып берди?
3. Камчыбектин чыгарган бүтүмү Курманжан даткага жактыбы?
4. Эмне үчүн Акбалбан камакка өзү барып берди?
5. Даргага асуу иш жүзүндө кандай аткарылды?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Энелик мээрим, кайрат, туруктуулук кайсыл учурларда көрүндү?
2. Өлүм алдында Камчыбек элге эмне деп кайрылды?
3. Эл Курманжан даткадан эмнени күтүп турушту эле?
4. Камчыбектеги эң мыкты сапаттар кайсылар?
5. Даргага асуу адилеттүү болду деп ойлойсуңбу? [4,172-б]

Жогорудагы келтирилген талдоо иштерине кошумча иретинде Курманжан датканы, Камчыбекти, Акбалбанды мүнөздөөгө байланышкан планды окуучуларга түздүрүү да максатка ылайык келет жана өз натыйжасын берет. Ушуга удаа эле кластер, салыштыруу диаграммасы интерактивдүү ыкма-каражаттарын пайдалануу чыгарманы жана анадагы каармандардын артыкчылыктарын тереңден түшүнүүгө өбөлгө түзмөкчү. Бул максатта Курманжан даткага, Камчыбекке, Акбалбанга өз-өзүнчө класстер түзүлүп, кошумча иретинде Камчыбек менен Акбалбандын кулк-мүнөздөрү боюнча өздөштүргөндөрдү салыштыруу диаграммасынын жардамы менен такталып, бекемделет. Ал эми бул эпизоддун негизинде жүргүзүлүүчү жазуу жумуштарын үйдөн чыгармачылык менен аткарууга тапшырма берүү өз натыйжасын бермекчи.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Кудряшев Н.И. Методика преподавания литературы –М.: Просвещение, 1977, 69-70
2. Кыргыз адабиятынын программасы. Жалпы билим берүүчү мектептердин V-XI класстары үчүн. -Б.: Педагогика, 2000
3. Кыргыз адабиятынын программасы. V-XI класстары үчүн //Эл агартуу.-1998.-№ 11, -12-21-б
4. Сманбаев А., Ишекеев Н. Кыргыз адабияты. Орто мектептердин 6-классы үчүн хрестоматия – окуу китеби.- Б.: Педагогика.1999.172-б.

***Рецензент: п.и.д., профессор Н.Ишекеев***